# Климаттын өзгөрүшүнө кантип ыңгайлашуу жана туруктуулукту куруу керек

Климаттын терс таасирин алдын алуу үчүн бир катар алдын алуу чараларын кабыл алуу менен жумшартса болот. Бул процесс климаттын өзгөрүшүнө адаптация деп аталат. Адаптация бизге климаттын өзгөрүүсүнүн терс кесепеттерин жумшартууга же болтурбоого жана жаңы шарттарда жашоо менен өнүктүрүүнү сактоо чечимдерин табууга жардам берет.

## Дыйканчылык

- Сугаруу үчүн жамгыр суусун чогултуу жана пайдалануу;
- Натыйжалуу ирригация системаларын орнотуу, мисалы, тамчылатып сугаруу;
- Мөндүрлөрдөн коргоочу торлорду орнотуу;
- Шамалдан коргонуу үчүн талааны айланта дарактарды отургузуу;
- Теплица куруу;
- Ысыкка чыдамдуу жана кургакчылыкка туруктуу өсүмдүктөрдү өстүрүү;
- Сугаруу үчүн туура убакытты тандоо.

## Табигый экосистемалар

- Биоартүрдүүлүктү сактоо, анткени түрдүү экосистемалар климаттын өзгөрүшүнө жакшыраак туруштук берет;
- Өрт коопсуздугу эрежелерин сактоо;
- Малды жаюу үчүн токойлорду пайдаланбоо;
- Өсүмдүктөр калыбына келүүсү үчүн жайыттардын тең салмактуу пайдаланылышын камсыз кылуу.

## Адамдардын саламаттыгы

- Шаарларда жана калктуу конуштарда жашыл аймактарды көбөйтүү;
- Оорулардын таралышы жана алдын алуу чаралары жөнүндө маалыматты өз убагында алуу;
- Аба ырайына ылайык кийим кийүү;
- Суу ичүүнү адат кылуу.

## Табигый кырсыктардын кесепеттерин төмөндөтүү

- Суу ташкындарына каршы курулган канал жана арыктарды булгабоо;
- Дарыялардын жээгин бекемдөө;
- Жээкке жакын жерлерде тамыр системасы терендеп өскөн дарактарды отургузуу жана аларды коргоо;
- Абы ырайын көзөмөлдөө;
- Дренаждык системаларды орнотуу.

Бул материал БУУӨП тарабынан "Климаттык кутучага" берилди.